**2021-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Талас областынын Бакай-Ата районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, республикалык бюджеттен каржыланган айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө**

**Отчет**

**Аудит объектилери**

Аудит объектилери болуп – Талас областынын Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Бакай-Ата финансы башкармалыгы, Бакай-Ата районунун өз алдынча башкаруу органдары эсептелет.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Аудит объекттеринин жалпы милдеттерине мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудит тобунун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде шайкештик аудит предмети аудиттин тиешелүү критерийлерибоюнча өз алдынча корутундуларга келүүдө турат. Аудит өзүнө, биздин корутундуну тастыктаган жетишээрлик, талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктын же катачылыктын негизинде жол берилген олуттуу шайкештик эместиктин тобокелдигин баалоону камтыган, аудитордун кесиптик пикирине жараша болот. Биз аткарган аудиттин жол-жоболору, ушул жагдайларга туура келет деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет деп болжолдойбуз.

**Предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процесстеринин, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги эсептелет.

Аудиттин жалпы көлөмүнө киргизилген конкреттүү иш-чаралар:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдык, ченемдик жана укуктук актыларын изилдөө;
- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын аткарылышын талдоо;
- бюджеттик процесстин мыйзам-ченемдерге шайкештигине аудит;
- айыл аймагынын бюджетинин киреше бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- айыл аймагынын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит (республикалык бюджеттеги мекемелер үчүн гана);
- кассалык жана банктык операцияларга аудит;
- эмгек акыга каражаттардын пайдаланылышына аудит;
- бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалына аудит;
- командировка чыгымдарына жана эсеп берме жактар менен эсептешүүгө аудит;

- транспорт каражаттарын күтүүгө, КММ чыгымдарына ченемдердин сакталышына, запастык бөлүктөрдү эсептен чыгаруунун негиздүүлүгүнө ж.б. аудит;

- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө жана байланыш кызматтарына ченемдердин сакталышына аудит;

- курулуш-куроо иштерине, капиталдык жана учурдагы оңдоо иштерине каражаттарды пайдаланууга аудит;

- ижара мамилелерине аудит;

- дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;

- мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүгө аудит;

- негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын, так отчеттуулуктагы бланктардын сакталышына аудит;

- бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун абалына аудит;

- аудиттин жыйынтыктарын тариздөө.

**Аудиттин критерийлери**

Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнүн жана аткарылышынын, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелер жана муниципалдык ишканалар үчүн мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун мыйзамдарга шайкештигин баалаган критерийлер:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;

- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы № 767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы № 278 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускама;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 токтому менен бекитилген Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобо;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча

эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускама;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобо жана башка ЧУА;

- ички ченемдик документтер ж.б.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы каралган), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы №03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча көрсөтмөсүнө ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн буйруктары саналат.

Аудиттер Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Бакай-Ата финансы башкармалыгында, Бакай-Ата районунун **9** өз алдынча башкаруу органдарында жүргүзүлгөн.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн бекитилген программасына ылайык, аудит объекттеринин кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, аудиттерди жүргүзүү үчүн аудитке берилген маалыматтар үчүн аудит субъекттеринин кызмат адамдары жоопкерчилик тартат.

Талас областынын Бакай-Ата районунда жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча, бардыгы:

Аныкталган финансылык бузуулар – **2 738,3** миң сом, анын ичинде:

- каражаттарды чыгымдоодогу бузуулар жана кемчиликтер – 2 568,9 миң сом, анын ичинде:
  - эмгек акыны негизсиз төлөөлөр- 1 461,6 миң сом;
  - материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу, анын ичинде отчет берүүчү суммалар-21,0 миң сом
  - бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу – 799,3 мин сом;
  - курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы – 287,0 миң сом;
  - бюджеттин кошумча чегерилген кирешелери – 169,4 миң сом, алардын ичинен;

• бюджетке которулууга тийиш болгон ижара акысы – 169,4 миң сом.

Аныкталган бюджеттин резервдери жана жоготуулары **-11 257,7** миң сом, анын ичинде:

• товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык чыгымдары-153,5 миң сом;

• эмгек акы төлөөдөгү бузуулар – 116,9 миң сом;

• Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка органдар тарабынан бюджетти түзүүдө анын киреше бөлүгүнүн көрсөткүчтөрүн азайтуу жана чыгаша бөлүгүнүн көрсөткүчтөрүн жогорулатуу менен колдонуудагы мыйзамдарга карама-каршы келген чечимдерди кабыл алгандыгына байланыштуу, салык, бажы жана башка төлөмдөр боюнча жана бюджеттин чыгаша бөлүгү боюнча бюджеттин жоготуулары – 10 438,5 миң сом;

• башка резервдер жана жоготуулар – 548,8 миң сом.

Аныкталган рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – **1 632,4 миң сом**, анын ичинде:

• ТМБ нормативден ашыкча запастары жана эсептеги каражаттар-1 632,4 миң сом.

**Мурдагы аудиттин сунуштамаларынын аткарылышы**

2019-2020-жылдарга Бакай-Ата районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, айрым мекемелердин бюджеттик, атайын жана башка каражаттарынын пайдаланылышына жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган:

- финансылык бузуулар **– 331,6 миң сомго;**
- бюджеттин резервдери жана жоготуулары **1 327,5 миң сомго;**
- рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – **192,2 миң сом.**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын коллегиясында каралган. Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 28,4 миң сом суммасындагы финансылык бузуулар толук калыбына келтирилген.

**2021-жылга Бакай-Ата районунун социалдык- экономикалык көрсөткүчтөрү**

2021-жылы айыл аймактарда 412 млн 800,0 миң сомго 100 иш-чара боюнча иш жүргүзүлүп, 259 жаны иш орундары ал 514 мезгилдүү жумушчу орундары түзүлгөн.

Райондун айыл чарба тармагында 2021-жылдын жыйынтыгы менен 4 млрд 369 млн 800,0 миң сом айыл чарба продукциялары өндүрүлүп, 2020-жылга салыштырмалуу аткарылышы 90,2 % түзгөн. Райондук суу чарба башкармалыгына 2021-жылы бюджеттин эсебинен жалпы эксплуатациялык чыгымдар үчүн 3 млн 356,6 миң сом каржыланган.

2021-жылы учурдагы баа менен 15 млн 494,5 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, 2021-жылдын деңгээлине салыштырмалуу 110,7 пайызды түзгөн. Мында, физикалык индекстин көлөмү 105,3 % түзгөн.

Негизги капиталга инвестициялоо көлөмү 2020-жылы 514 млн 878,6 миң сом болсо, 2021-жылдын жыйынтыгында 841 млн 127,1 миң сомду түзүп, 2020-жылга салыштырмалуу өсүү темпи 158,1 пайызды түзгөн.

“Бакубат Талас” фонду аркылуу 2021-жылы жалпы 10 долбоор боюнча жалпы суммасы 9 млн 381,7 миң сомго иш жүргүзүлгөн.

2021-жыл ичинде жалпы район боюнча 87 млн 446,1 миң сомдук товардык продукциясы берилип, 2020-жылга салыштырмалуу 6 млн 442,0 мин сомго аз алынган.

2021-жылга мамлекеттик салык жана салыктык эмес төлөмдөрдү жыйноо боюнча мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн аткарууда, мамлекеттик салык кызматынын райондук башкармалыгы тарабынан пландык тапшырма 109,2% аткарылган, бюджетке 76 млн. 938,1 миң сом чогултулган. Бул көрсөткүч өткөн жылга салыштырмалуу 6 млн.470,1 миң сомго көп же өсүү темпи 106,5% түзгөн.

**2022-жылга Бакай-Ата районунун социалдык- экономикалык көрсөткүчтөрү**

2022-жылы айыл аймактарда 641 млн 468,0 миң сомго 116 иш-чара боюнча иш жүргүзүлүп, 177 жаны иш орундары, ал эми 618 мезгилдүү жумушчу орундары түзүлгөн.

2022-жылдын жыйынтыгы менен 3 млрд 918 млн 486,7 миң сом айыл чарба продукциялары өндүрүлүп, 2021-жылга салыштырмалуу аткарылышы 111,2 % түзгөн. Райондук суу чарба башкармалыгына 2022-жылы бюджеттин эсебинен жалпы эксплуатациялык чыгымдар үчүн 19 млн 765,7 миң сом каржыланган.

2022-жылы учурдагы баа менен 33 млн 54,5 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, 2021-жылдын деңгээлине салыштырмалуу 213,3 % түзгөн. Мында, физикалык индекстин көлөмү 101,8 % түзгөн.

Негизги капиталга инвестициянын көлөмү 2022-жылы 457 млн 404,6 миң сомду түзгөн. Мындан тышкары, 2022-жылы Бакай-Ата районуна жалпы 2 млрд. 52,8 млн сомдук ички жана тышкы инвестициялар тартылган. Анын ичинен 1 млрд. 843,5 млн сомго тышкы инвестициялар, 209,3 млн сомго ички инвестициялар.

Талас облусунун өнүктүрүү фонду аркылуу 2022-жыл жалпысынан 11 долбоор 42 млн 500 мин сомдук иштер жүргүзүлгөн.

Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн аткарууда салык жана салык эмес төлөмдөрүн өндүрүүдө 2022-жыл ичинде мамлекеттик Салык кызматынын райондук башкармалыгына белгиленген план 88 млн 944,7 миң сом болсо, иш жүзүндө 95 млн 736,8 миң сомдук төлөмдөр өндүрүлүп, план тапшырма 107,6 % аткарылган. Былтыркы жылга салыштырмалуу 18 млн 791,7 миң сомго көп салыктар өндүрүлгөн же өсүү темпи 124,4%.

**2021-жылга бюджеттин аткарылышы.**

Жергиликтүү бюджеттин жалпы киреше бөлүгүн аткаруу боюнча план (салыктык жана салыктык эмес кирешелер, трансферттер, республикадан алынган каражаттар) 203 млн.785,4 миң сомду түзгөн, аткаруу – 211 млн. 322,4 миң сомду түзгөн, же план 103,7% аткарылган.

Республикалык бюджеттен берилген расмий трансферттердин көлөмү 48 млн. 696,4 миң сомду түзгөн, анын ичинен теңдөөчү грант – 19 млн..931 миң сом жана максаттуу гранттар – 28 млн.765,4 миң сом.

**2022-жылга бюджеттин аткарылышы.**

Жергиликтүү бюджеттин жалпы киреше бөлүгүн аткаруу боюнча план (салыктык жана салыктык эмес кирешелер, трансферттер, республикалык бюджеттен алынган каражаттар) 158 млн.817,0 миң сомду түзгөн, аткаруу – 162 млн. 065,4 миң сомду түзгөн, же план 102,0% аткарылган.

Республикалык бюджеттен берилген расмий трансферттердин көлөмү 36 млн.758,2 миң сомду түзгөн, анын ичинен теңдештирүүчү гранттар – 28 млн. 789,9 миң сом жана максаттуу гранттар – 7 млн. 968,3 миң сом.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, төмөнкү мекемелердин, уюмдардын иши төмөндөгү жагдайлардан тышкары, бардык олуттуу аспекттер боюнча, мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

**Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясы**

2021-жылга чыгымдар сметасы 7 487,1 миң сом суммасында бекитилген, 8 557,3 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 8 199,9 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар 7 933,8 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

2022-жылга чыгымдар сметасы 25 620,7 миң сом суммасында бекитилген, 31 531,0 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 29 090,5 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар 31 216,3 миң сом суммасында жүргүзүлгөн

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча

эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бузуу менен, 2022-жылдын 31-декабрына карата эсептеги каражаттардын нормативден ашыкча калдыгы (дебитордук карыз кредитордук карыздан ашыкча) **364,4** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Дж. Мейманалиев

**Бакай-Ата районунун Өнүктүрүү фонду**

2022-жылга чыгымдар сметасы 30 000,0 миң сомго бекитилген жана 30 000,0 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 14 733,5 мин сомду жана иш жүзүндөгү чыгымдар 794,5 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 14-октябрындагы № 220 токтому менен бекитилген Региондорду өнүктүрүү фонддору тууралуу типтүү жобонун 73-беренесинин 1-пунктун бузуу менен:

- Ак-Дөбө айыл аймагынын Кызыл-Сай айылында Шаршенбай атындагы орто мектепте балдар ойноочу аянтчаны 2022-жылдын 14-декабрынан тартып 31-декабрына чейинки мезгилде куруу боюнча долбоорду ишке ашыруу каралган, жалпы каржылоо суммасы 865,0 миң сом, бирок иштерди кабыл алуу 2023-жылдын 23-мартында гана жүргүзүлгөн;
- Кең-Арал айыл аймагынын ички көчөлөрүнө бетон мамыларды орнотуу долбоорун ишке ашыруу 2022- жылдын 31- декабрына чейин караган, каржылоонун жалпы суммасы 276,2 миң сомду түзгөн, кабыл алуу актысына ылайык, иштер 2023-жылы аяктаган,
- Бакай-Ата айыл аймагындагы терең суу скважинасын куруу долбоорун ишке ашыруу 2022-жылдын 31-декабрына чейин каралган, жалпы каржылоо суммасы 3 500,6 миң сом, иштер 2023-жылдын 20-июнунда 95% гана кабыл алынган (аткарылышы 3 322,5 миң сомду түзгөн).

**Сунуштама:**

Мындан ары, түзүлгөн келишимдерге ылайык, долбоорлорду ишке ашырууну камсыз кылууну көзөмөлдөө бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2023-жылдын 16-январындагы № 20 токтому менен бекитилген Региондорду өнүктүрүү фонддору жөнүндө типтүү жобонун талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Р. Мейматкулов

**Ак-Дөбө айыл өкмөтү**

2020-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 23 152,0 миң сомго бекитилген, анын ичинде атайын эсептин каражаттары боюнча 2 452,5 миң сом, жыл ичинде 17 501,4 миң сомго такталган, иш жүзүндө аткаруу 16 147,2 миң сомду түзгөн же, такталган болжолго салыштырмалуу түшүүлөр планы 92,3% аткарылган, же 1 354,2 миң сомго аз түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү тактоолор менен 18 568,0 миң сом суммасында бекитилген, анын ичинде расмий трансферттер 6 183,5 миң сом, кассалык чыгаша 17 525,8 миң сомго жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чыгаша 11 594,3 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

2021-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 23 836,2 миң сомго бекитилген, анын ичинде атайын эсептин каражаттары боюнча 1 952,5 миң сом жана расмий трансферттер 5 551,4 миң сом, жыл ичинде 18 816,0 миң сомго такталган, иш жүзүндө аткаруу 16 443,2 миң сомду түзгөн же, такталган болжолго салыштырмалуу түшүүлөр планы 87,4% аткарылган, же 2 372,8 миң сомго аз түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү тактоолор менен 19 420,9 миң сом суммасында бекитилген, анын ичинде бюджеттик каражаттар боюнча 17 648,4 миң сом жана атайын каражаттар боюнча 1 952,5 миң сом, кассалык чыгаша 13 743,2 миң сомго жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чыгаша 9 397,7 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 19 810,6 миң сомго бекитилген, анын ичинде атайын эсептин каражаттары боюнча 3 434,0 миң сом, иш жүзүндө аткаруу 24 880,7 миң сомго камсыздалган же, такталган болжолго салыштырмалуу түшүүлөр планы 91,8% аткарылган, же 2 218,1 миң сомго аз түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү тактоолор менен 27 852,4 миң сом суммасында бекитилген, кассалык чыгаша 22 280,9 миң сомго жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чыгаша 13 716,1 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун, 7-беренесинин -бөлүгүнүн 2-пунктун бузуу менен, АЧЖМФ жерлеринин ижара келишимдерин кыймылсыз мүлккө менчик укуктарын каттоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда каттоо бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйругу толук аткарылган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. АЧЖМФ жерлеринин ижара келишимдерин кыймылсыз мүлккө менчик укуктарын каттоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда каттоодон өткөрүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин “бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга бюджеттик жылдын ичинде экиден ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси - учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси - 1-ноябрына чейин”, деп белгиленген 115-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен, 2021-жылы Ак-Дөбө айыл өкмөтүнүн бюджетине 1-ноябрдан кийин эки жолу өзгөртүүлөр киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөр так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 2-беренесинин 109-пунктун бузуу менен, 2020-жылы айыл өкмөтүнүн бюджетинин чыгаша бөлүгүндө 3111 жана 2215-беренелеринин ортосунда бюджеттин каражаттарын 2 222,7 миң сом суммасына кайра бөлүштүрүү жүргүзүлгөн, бул айыл өкмөтүнүн такталган бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн бардык суммасынын 5% өлчөмүндө белгиленген ченемден ашып кеткен.

**Сунуштар:**

Мындан ары, бюджеттин каражаттарын беренелердин ортосунда кайра бөлүштүрүү, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 109-беренесинин талаптарына так шайкеш жүргүзүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2020-жылга АЧЖМФ жерлеринин ижарасы боюнча жалпы суммасы 2 458,9 миң сомго келишимдер түзүлгөн, ижара акысы боюнча карыздардын калдыгы 3 696,4 миң сомду түзгөн, же АЧЖМФ жерлери үчүн ижара төлөмдөрүнүн түшүүсүнөн кирешелердин болжолу 6 155,3 миң сомдон кем болбоого тийиш. Ошону менен бирге, бул булак боюнча 2020-жылга такталган болжолдуу план 2 070,8 миң сомду түзгөн. Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгү

4 084,5 миң сомго негизсиз төмөндөтүлгөн, бул айыл өкмөтүнүн бюджетинин жоготуусу болуп саналат.

Ошондой эле, 2021-жылга АЧЖМФ жерлеринин ижарасы боюнча жалпы суммасы 2 215,6 миң сомго ижара келишимдери түзүлгөн, ижара акысы боюнча карыздардын калдыгы 4 240,9 миң сомду түзгөн, же АЧЖМФ жерлери үчүн ижара төлөмдөрүнүн түшүүлөрүнөн кирешелердин болжолу 6 456,5 миң сомдон кем болбоого тийиш. Ошону менен бирге, бул булак боюнча 2021-жылга такталган болжолдуу план 2 458,9 миң сомду түзгөн. Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгү 3 997,6 миң сомго негизсиз төмөндөтүлгөн.

Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгүн негизсиз төмөндөтүүнүн натыйжасында, жергиликтүү бюджеттин жалпы жоготуулары **8 082,1** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, болгон киреше булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте подрядчы "КуБеТа Курулуш" ЖЧКсы тарабынан "Кызыл-Сай айылындагы Оморбек көчөсүн асфальтбетон менен жабуу" жана "Ак-Дөбө айылындагы Школьная көчөсүн бойлото асфальтбетон менен жабуу, тротуарларды куруу" объекттери боюнча иштердин наркы 287,0 миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган "Кызыл-Сай айылындагы Оморбек көчөсүн асфальтобетон менен жабуу" жана "Ак-Дөбө айылындагы Школьная көчөсүн бойлото асфальтбетон менен жабуу, тротуарларды куруу" объекттери боюнча подрядчы "КуБеТа Курулуш" ЖЧКсы тарабынан 287,0 миң сомго жумуштардын жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрулсүн.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит АЧЖМФ жерлеринин ижарачыларынын карыздарынын жыл сайын өсүү тенденциясын белгилейт, 2022-жылдын аягына карата 2022-жылы түшкөн кирешелердин бардык суммасынан (расмий трансферттерди эсептебегенде) 7 754,2 миң сомду же 59,7% түзгөн).

**Сунуштама:**

АЧЖМФ жерлеринин ижарачыларынын карыздарын, келишимдин шарттарына ылайык, айыптык санкцияларды кошуп өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Бакай-Ата райондук сотунун 17.12.2021-жылдын 17-декабрындагы токтому менен Бакай-Ата райондук администрациясынын жетекчиси Ч.Төрөкуловдун "Ак-Дөбө айыл өкмөтүнүн башчысы И. А. Сарыевди иштен бошотуу жөнүндө" 2020-жылдын 2-апрелиндеги №Б22/VI буйругу мыйзамсыз деп табылган. Соттун чечимине ылайык, И.А. Сарыевге жергиликтүү бюджеттин каражаттарынан аргасыз ишке чыкпагандыгы үчүн 350,7 миң сом, мамлекеттик алым 35,1 миң сом төлөнүп, айыл өкмөтүнүн бюджетинин жоготуулары жалпысынан **385,8** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 26-беренесине ылайык, укукка сыйбаган аракеттерди түздөн-түз жасаган кызматчыга кайтарма талаптарды (регресс) коюу, 385,8 миң сом жергиликтүү бюджеттин жоготууларынын ордун толтуруу мүмкүнчүлүгү каралсын.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

163,0 миң сом өлчөмүндөгү бюджеттик каражаттар (2020-жылы – 90,0 миң сом; 2021 – жылы-73,0 миң сом) Талас областтык прокуратурасы тарабынан ЧУА бузуу менен сарпталган деп таанылган жана Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын 2022-

жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесинин 3-пунктун бузуу менен, анын депозиттик эсебине, кийин казыналык тарабынан республикалык бюджеттин кирешесине киргизилген, бул айыл өкмөтүнүн бюджеттик каражаттарынын **163,0** миң сом жоготуусуна алып келген.

**Сунуштама:**

Казыначылык тарабынан республикалык бюджеттин кирешесине чегерилгендигине байланыштуу, 163,0 миң сом жергиликтүү бюджеттин каражаты болуп саналат жана Ак-Дөбө айыл өкмөтүнүн бюджетине кайтарылууга жатат, айыл өкмөтүнүн жетекчилиги тарабынан бул каражаттар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Бакай-Ата райондук башкармалыгынан талап кылынсын.

**9. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Айылдык кеңештин 2017-жылдын 24-майындагы №43 токтому менен бекитилген тамак-аш азыктарын чыгымдоо ченемдерин бузуу менен, 2020-жылы Ак-Дөбө айыл өкмөтүнүн мектепке чейинки мекемелеринде бекитилген ченемден ашык **153,5** миң сом суммасындагы тамак-аш азыктарын чыгымдоого жол берилген.

**Сунуштама:**

Бала бакчалардагы тамак-аш азыктарынын эсептен чыгарылышына көзөмөл күчөтүлсүн, азык-түлүк чыгымдарына бекитилген ченемдерди сактоо бөлүгүндө, айылдык кеңештин 2017-жылдын 24-майындагы №43 токтомунун так аткарылышы камсыз кылынсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор М. Сакиев жана Д. Кубанычбеков

**Акназаров айыл окмоту**

2021-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 16 838,1 миң сом суммасында бекитилген, 21 400,1 миң сомго такталган, иш жүзүндө 22 610,8 миң сомго аткарылган, план 105,7% аткарылган, же киреше 1 210,7 миң сомго көп түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 17 322,7 миң сом суммасында бекитилген, такталган план 19 948,1 миң сомду түзгөн, кассалык чыгаша 17 322,7 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 14 719,1 миң сомду түзгөн.

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 16 330,4 миң сом суммасында бекитилген, 24 125,8 миң сомго такталган, иш жүзүндө 25 819,5 миң сомго аткарылган, план 107,0% аткарылган, же киреше 1 693,7 миң сомго көп түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 18 352,8 миң сом суммасында бекитилген, 21 770,8 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 18 352,8 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 13 859,1 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1 жана 3-бөлүктөрүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган, кызматкер кабыл алынган, ага 13,2 миң сом Социалдык фондго чегерүүлөрдү кошкондо, **76,8** миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызматтык орундарга кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси так жетекчиликке алынсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомун бузуу менен, штаттан ашыкча бирдиктер киргизилген (2 айдоочу жана архивариус), аларга **116,9** миң сом суммасында эмгек акы негизсиз төлөнгөн, анын ичинде, Социалдык фондго төлөмдөр 20,2 миң сом.

**Сунуштама:**

Штаттык ырааттама Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" жана 2013-жылдын 8-июлундагы № 403 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтомдорунун талаптарына так шайкеш келтирилсин.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

